ТҮРК ТИЛДҮҮ ӨЛКӨЛӨРДҮН ПАРЛАМЕНТТИК АССАМБЛЕЯСЫ

---

**АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ, ТАБИГЫЙ РЕСУРСТАР ЖАНА САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО БОЮНЧА КОМИССИЯ**

**ЖЕТИНЧИ ЖЫЙЫН**

*Анкара, 2022-жылдын 11-майы*

# “ТҮРКПА МҮЧӨ ӨЛКӨЛӨРДӨГҮ САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО СИСТЕМАЛАРЫН ГАРМОНИЗАЦЯЛОО”

## СУНУШТАМАЛАР

Парламенттик Ассамблея:

Ден соолук адамдын жашоо сапатынын эң маанилүү элементтеринин бири жана ТүркПА аймагында ар бир өлкөнүн өнүгүүсүнүн маанилүү фактору деп ***эсептеп***;

Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) тарабынан жарыяланган жана 2015-жылдын сентябрында БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган БУУнун Миң жылдыктын өнүктүрүү максаттары (МӨМ) жана андан аркы Туруктуу өнүктүрүү максаттары (ТӨМ) ар бир мүчө мамлекеттин саламаттыкты сактоо системасын өнүктүрүүгө багытталган глобалдык өнөктөштүккө жана аймактык кызматташтыкка өзгөчө маани берип жана эл аралык уюмдарга натыйжалуу жана туруктуу саламаттык сактоо саясатын жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүсүн ***колдоп***;

Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму (ВОЗ), Дүйнөлүк банк, Бириккен Улуттар Уюмунун Балдар фонду (ЮНИСЕФ), Азык-түлүк жана айыл чарба уюму (ФАО), Бириккен Улуттар Уюмунун айлана-чөйрөнү коргоо программасы (ЮНЕП) жана башка ушуга сыяктуу БУУнун адистештирилген мекемелеринин жана эл аралык институттарынын иш чараларын ***колдоп***;

Эл аралык кызматташтыктын жана ТүркПА мүчө-өлкөлөр кошулган жана кабыл алган саламаттык сактоо маселелери менен байланышы бар эл аралык конвенциялар менен мыйзамдардын маанилүүлүгүн ***белгилеп***;

Парламенттер жана парламентарийлер мыйзамдарды кабыл алуу, бюджеттерди бекитүү, ресурстарды мобилизациялоо аркылуу саламаттыкты сактоодо маанилүү ролду ойноорун жана өз жарандарына адекваттуу, туруктуу жана жеткиликтүү медициналык кызматтарды көрсөтүү үчүн негизги жоопкерчиликке ээ экендигин ***эсепке алып***;

Түрк тилдүү мамлекеттердин башка тармактардагыдай эле саламаттыкты сактоо тармагындагы мамилелерин мындан ары өнүктүрүүнүн жана бул багытта саламаттыкты сактоо системаларын гармонизациялоонун зарылдыгын ***белгилеп***;

Чек ара аймактарында жашаган адамдар үчүн жакшыраак медициналык кызматтарга жетүүнүн маанилүүлүгүн ***белгилеп***;

Медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоо жана медициналык камсыздандырууга байланышкан түрк тилдүү мамлекеттердин саламаттык сактоо системалары менен калктын ден соолук көрсөткүчтөрүнүн ортосундагы айрым айырмачылыктарды ***эске алып***;

Мүчө өлкөлөрдүн парламенттеринин эки тараптуу же көп тараптуу макулдашуулар аркылуу кызматташуусу, ошондой эле алардын эл аралык жана аймактык адистештирилген уюмдар менен кызматташтыгы саламаттык сактоо системасын гармонизациялоонун потенциалдуу механизми катары каралууга тийиш экендигин ***белгилеп***;

Ассамблея ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн парламенттерине төмөнкүлөрдү сунуш кылат:

*a)* дарыгерлердин жана медайымдардын билимин жана көндүмдөрүн жогорулатуу боюнча биргелешкен окуу программаларын *иштеп чыгуу*;

b) башка мүчө мамлекеттердин мамлекеттик жана жеке медициналык мекемелеринин чакыруусу боюнча мүчө мамлекеттерде иштеген медициналык персоналды убактылуу ишке орноштуруу атайын укуктук режимин *түзүү* жана тиешелүү электрондук жүктөмөлөрдү жана уруксат алуу механизмдерди иштеп чыгуу;

c) милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасын колдонуу маселелери боюнча мүчө мамлекеттердин тиешелүү мекемелери менен кызматташууну *түзүү* жана тиешелүү тажрыйба алмашуу;

d) биздин өлкөлөрдө санариптик ден соолук платформасын өнүктүрүү үчүн мүчө өлкөлөрдүн тиешелүү мекемелери менен *кызматташуу*;

*e)* мүчө-өлкөлөрдүн жарандарына телемедицина чөйрөсүндө медициналык кызмат көрсөтүүнү *жөнгө салуу;*

*f)* мүчө мамлекеттерде жайгашкан саламаттык сактоо фонддору менен байланыш *түзүү*, ошондой эле гранттык долбоорлор боюнча тиешелүү мекемелер менен байланыш *түзүү*;

*g)* сергек жашоо адатын жайылтуу үчүн мүчө өлкөлөрдө биргелешкен социалдык долбоорлорду *ишке ашыруу;*

*h)* тез жардамдын борборлоштурулган бирдиктүү системасын түзүү жана тиешелүү тажрыйба алмашуу багытында мүчө өлкөлөр менен кызматташууну *өнүктүрүү;*

*i)* баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү мекемелерин (үй-бүлөлүк ден соолук борборлору, айылдык медициналык борборлор) *жакшыртуу* жана көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жогорулатуу максатында мүчө-өлкөлөр менен кызматташууну түзүү, ошондой эле тиешелүү тажрыйба алмашуу;

*j)* медициналык туризмди жана медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү алуу үчүн коңшу мамлекеттерге баруучу чек аралык аймактардын тургундары үчүн жеңилдетилген укуктук режимдерди *түзүү*

*k)* Түрк тилдүү мамлекеттердин мамлекеттик мекемелери тарабынан берилген жогорку жана орто медициналык билим жөнүндө документтерди таануу, ошондой эле практикалык дарыгерлердин, медайымдардын жана фармацевттердин лицензияларын бирдиктүү негизде өз ара таануу жана текшерүү боюнча мыйзамдарды *камсыз кылуу;*

*l)* мүчө мамлекеттердин жергиликтүү дары-дармек каражаттарын өндүрүүчүлөрү үчүн түрк тилдүү мамлекеттерде атайын преференциалдык укуктук режимдерди *түзүү* жана дары-дармектерди жана биологиялык активдүү заттарды каттоону жеңилдетүү боюнча мыйзамдарга тиешелүү механизмдерди киргизүү;

*m)* башка мүчө-өлкөлөрдүн дарыланып жаткан жарандарынын медициналык мекемелерден алган медициналык кызматтарына даттануу/арыз жол-жоболорун *гармонизациялоо;*

n) ТүркПА мүчө-өлкөлөрдүн тиешелүү тармактардагы кызматташуусунун башка артыкчылыктарын *аныктоо*.